УДК 82-1(=512.154)

# ИЗУЧЕНИЕ ПОЭМЫ ВЕЛИКОГО МУДРЕЦА ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА «БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ» КАК ИСТОЧНИК ВОСПИТАНИЯ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ

*А.К. Эмильбекова*

Рассказывается о наследии великого мудреца и просветителя Жусупа Баласагына, оставленном молодым поколениям. Самое главное, можно сказать, что советы адресованы нашей молодёжи и нашим детям. Эти мысли имеют большое воспитательное значение для молодёжи на современном этапе. Мысли, высказанные тысячу лет назад, не утратили своего влияния и актуальности, соответствуют требованиям нашего времени, повышая их значимость и образовательную ценность. Поэтому важно воспитывать детей на основе духовных ценностей, определять направление развития педагогической науки сегодня, направлять молодёжь в будущее.

*Ключевые слова:* наследие; просветитель; будущее; ценности; молодёжь; наше время; духовные ценности; педагогическая наука; великий мудрец.

# УЛУУ ДААНЫШМАН-ТАРБИЯЧЫ ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ» ДАСТАНЫН ТАРБИЯНЫН БУЛАГЫ КАТАРЫ ОКУТУУ

*А.К. Эмильбекова*

Бул макалада улуу даанышман, кеменгер тарбиячы Жусуп Баласагындын өз учурунда жаштарга карата айткан мурастары, акыл-насааттары айтылат. Эң негизгиси анын акыл-насааттарынын бүгүнкү күнү биздин жаштарга, бүгүнкү мураскорлорго багышталып турганын айтсак болот. Даанышмандын миң жыл мурун айткандары бүгүнкү күнү да өз боёгун, өз таасирин жоготпой, кайра жаңы боёкко ээ болуп, жаңы добушка жетишип, бүгүнкү биздин заманыбыздын талаптары менен шайкеш келип тургандыгынын өзү эле бабабыздын эмгегинин маани-маңызын, тарбиялык салмагын, чексиз бийиктикке көтөрүп турат. Андыктан бүгүнкү күндөгү педагогика илиминин өсүп-өнүгүү багыттарын аныктоодо, жаштарды келечекке карай багыттоодо, руханий баалуулуктардын негизинде балдарга таалим-тарбия берүүнүн мааниси зор.

*Түйүндүү сөздөр:* даанышман; кеменгер; мурастар; акыл-насааттар; таасири; ээ болуу; маани-маңызы; тарбиялык салмагы; руханий баалуулуктар; багыттар.

# TEACHING THE EPIC «KUTTUU BILIM» OF THE GREAT SAGE YUSUF BALASAGYN AS A SOURCE OF ENLIGHTENMENT

*A.K. Emilbekova*

This article tells about the legacy and advice of the great sage and enlightener Yusuf Balasagyn to young people. Most importantly, we can say that his advice is addressed to our youth and today's heirs. The fact that the sage said a thousand years ago has not lost its color and influence, but has acquired a new color, a new voice and meets the requirements of our time, increases the significance, educational value and infinite height of the work of our ancestors. Therefore, it is important to educate children on the basis of spiritual values, to determine the direction of development of pedagogical science today, and to guide young people into the future.
*Keywords*: heritage; educator; future; values; young people; Nowadays; spiritual values; pedagogical science; great sage.

Кыргызстан бүгүнкү күндө жаңылануу, демократия жолу менен өнүгүп жаткан көз каранды эмес, эгемендүү мамлекет. Өлкөбүздүн тарыхында, анын коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүндө мындай терең өзгөрүүлөр жүрүп жатканда, өткөндүн тажрыйбасына кайрылуу айрыкча чоң мааниге ээ. Мында асыресе көөнөрбөс рухий мурастар өзгөчө орунда турат. Бул багытта биз ушул кезге чейин кээде унутуп, кээде бурмалап түшүнүп, кантсе да жетишсиз азыктанып келдик. Мына эми ушул кемчиликтерди толтуруп, өткөндөгү маданий мурастардын мыкты жактарын кенен ачып, толук пайдаланууга, келечектин кызматына коюуга кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылып отурат.

Ага мисал катары КРнын Президенти С.Н. Жапаровдун 2021-жылдын 29-январындагы “Инсандын рухий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” [1] жөнүндөгү жарлыгы адамзаттын рухий-нравалык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатында токтомдун кабыл алынышы, өткөндүн мурастарына объективдүү мамиле кылуу, илимдин жана рухий маданияттын көрүнүктүү ишмерлеринен таалим-тарбия алуу, алардын салымдарын окуп-үйрөнүү, изилдөө, өлкөбүздөгү коомдук-философиялык ойлордун мындан ары өнүгүшүнө таасирин тийгизбей койбойт.

Республикабыздагы бүгүнкү күндө жүрүп жаткан рухий жактагы жаңылануу процесси элдин социалдык активдүүлүгүн көтөрүүдө чоң мааниге ээ болууда. Алсак, мурун катылып, айыпталып келген кээ бир рухий мурастарды, айрым тарыхый окуяларды, көрүнүктүү инсандардын ишмердүүлүктөрүн кайра баалап, өзүнүн накта татыктуулугун аныктоо, калктын аң-сезимине терең таасирин тийгизип жатат. Андыктан бүгүнкү күндөгү педагогика илиминин өсүп-өнүгүү багыттарын аныктоодо, жаштарды келечекке карай багыттоодо, руханий баалуулуктардын негизинде балдарга таалим-тарбия берүүнүн мааниси зор. Улуу даанышман, кеменгер-тарбиячы Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанын окуучуларга, студенттерге окутууда, аларды жашоого тарбиялоодо, ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин өстүрүүдө бул эмгекти тарбия берүүнүн негизги каражаты катары пайдалануу педагогикалык изилдөөнүн негизги объектисин түздү.

Бул чыгарма биз үчүн көптөгөн жылдар бою актай болуп, аты аталбай келген улуу ойчулдаанышман, таасын тарбиячы Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” көркөм адабий жанрдагы философиялык мазмундагы чыгармасы.

“Бул азиз китеп – билик, терендик негизинде билим деңизи болуп берсе каниет”, – деген акын тилегине, бүгүн мына он кылым күбө болуп отурат. Ошол он кылым мурда эле “Бул асыл китепти акылдуу туюнуп баалар, Куттуу биликтен таалим алгандар өз рухуна, өзүнүн адамдык асыл дүйнөсүнө жакшылыктын үрөөнүн өндүрөр. Караңгылыктын туткунунда камалып, кут билимин туюна албагандар өз рухун, ички асыл дүйнөсүн кеңите албай, жарды бойдон калтыраар. Малга, дүнүйөгө жардылык кемтик эмес, рухий жардылык адам баласын пас, шордуугa айлантып, катардан калтыраар” [2, 153-б.], – деген Жусуп Баласагын баамы да ошол жан дүйнөнү байыткан, көкөлөтүп көккө жеткирген рухий байлыкты бизге, келечек муунга тартуулаган баа жеткис белеги.

Дастандын рухий зор мааниси тууралуу Кыргыз эл жазуучусу, академик Түгөлбай Сыдыкбеков мындай деп жазат: “Элдин рухий дүйнөсүнө ширешкендиктен, акындын бул куттуу чыгармасы кылымдарды карытты – бизге жана урпактарга кут берген мурас болуп калды” [3, 10-б.], – деп Түгөлбай атабыз айткандай, адамдын жан дүйнөсүн байытып, өзүнүн урпактарына баа жеткис белегин тартуулаган улуу ойчул-даанышман, таасын тарбиячы Жусуп Баласагын бабабыз жөнүндө кеп кылалы.

Түрк тилчиси Р.Р. Аратанын (1900–1964) эсебинде “Куттуу билим” дастанын аяктаганда анын автору элүү төрт жашта экени анык болсо, Жусуп бабабыз 1015–1016-жылдары дүйнөгө келген экен. Түрктүн экинчи бир тилчиси Дилачар, Жусуп бабабыз 1018-жылы төрөлгөнүн айтат. Неси болсо да биздин доор боюнча 1069–1070-жылдары өзүнүн “Куттуу билим” дастанын жараткан даанышман акын Жусуп Баласагын азыркы Сары-Өзөн Чүйдүн алкымы, Чүй дайрасынын боюна жайгашкан Токмок калаасынын түштүк-батыш тарабындагы – азыркы

Бурана деп аталган – Баласагын калаасынын перзенти [4, 10-б.].

Лексикалык жагынан Баласагын азыркы кыргыз тилиндеги бала+сагын (сагынуу) деген эки түгөйдөн туруп, шаар атын билдирип калгандыгы байыркы уламышта деле эскертилет, б. а. көпкө чейин балалуу болбой жүрүп, балалуу болгон хан өз баласын өлүмдөн сактап калуу үчүн башка жака жиберип асырагандыгы, ошондо баласын аябай сагынгандыгы айтылат. Жусуп бабабыз кыргыз жеринде төрөлүп чоңойгондугун тарыхтын чындыгы катары айтууга милдеткербиз [5, 118–119-б.].

Чыгыш летописчилеринин жазууларында “жалпак беттүү, бүтүк көздүү, кичине баскак мурундуу, чокчо сакалдуу, кара кийимдүү, темир кылычтуу түрктөр”, – деп сүрөттөлгөн. Эң кубанычтуу нерсе ал өзүнүн дастанында кайсы жерде туулгандыгын, өз элинин кесипчилигин, тилин, так айтуу менен көркөмдөп жазган төрт сапта өзүнүн өмүр баянын бере алган:

Эске тут бул китепти жазып койгон,
Ардактуу, сыпаа, сөзмөр адам болгон,
Күз Ордо анын туулуп – өскөн жери,
Жатык тил, учкул сөздүү туулган эли [3, 13-б.].

Ошентип, ал ак сарайдын баш акылчысы болуп калды. Ар заманда ачык сүйлөп, ак иш өтөгөн Жусуп Баласагын өз сөзүн айтты:

Акылман өкүмдарлар баары баштан, улуу акыны, улуу
Элине адил мыйзам тартуулаган.

Сөздүн баарын кармап калуу эң кыйын,
Керектүүсүн эске тутуп так урун!

Биз өзүбүздүн байыркы бабабыз Жусуп Баласагынды кеменгер тарбиячы деп атоо менен анын өз замандаштарына, өз учурундагы жаштарга карата айткан акыл-насааттарын гана эске алып жаткан жокпуз. Эң негизгиси, а түгүл эң маанилүүсү, анын акыл-насааттарынын бүгүнкү биздин жаштарга, бүгүнкү мураскорлорго карата түздөн-түз багышталып турганын айтсак болот.

Бабабыздын миң жыл мурун айткандары бүгүнкү күнү да өз боёгун, өз таасирин жоготпой, кайра жаңы боёкко ээ болуп, жаңы добушка жетишип, бүгүнкү биздин заманыбыздын талаптары менен шайкеш келип тургандыгынын өзү эле бабабыздын эмгегинин маани-маңызын, тарбиялык салмагын, рухун, чексиз бийиктикке көтөрүп жатат [6, 67–68-б.]. Ушул жерден Жусуп бабабыздын тарбиялык багыттагы айткан акыл-насааттарын, бала төрөлгөндүн алгачкы күндөрүнөн баштап кандай тарбиялоо керектиги туурасындагы сөзүнөн баштоону ылайык көрүп турам. Анткени бала тарбиялоонун чыныгы башаты ушунда жатканын эч ким тана албас. Жусуп бабабыз да сөздү алгач ошондон баштап отурат. *“Уул менен кыздарды кандай тарбиялоо керектиги айтылат”* деген бапта мындай деп кеп кылат [3, 345-б.]:

Үйдө чоңойт, бөтөн жер жайсыз келет.
Тарбиячы адам таап, пейли кенен,
Уул-кыздын дени сак өсөт экен.
Билим берип, адептүү тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда.
Кыз чыгарып, келин ал, куда күтүп,
Кайгы-капа билбеген байлык күтүп.
Уулдарга үйрөткөн жакшы сапат,
Жакшы иштен бакыт да, байлык табат.
Тескеп тур – уул ишсиз бош калбасын,
Бош болсо – текке кетер өмүрү чын.
Төрүңдө картайтпагын кызды кармап,
Кеселсиз чөгүп кетер күйүт арбап.

Бул саптарында акылман бабабыз тарбиянын алгачкы маңызын дал мына ушул сөздөрдөн баштап олтурганы да бекер жерден эместир. Анткени жараткандан буюруп, балалуу болгон ата-эне зор бакытка, кубанычка чөмүлүп, ошол эле учурда балага татыктуу тарбия берүүгө умтулушкан. Арадан жүздөгөн жылдар өтсө да, бул акыл-насааттардын маани-маңызы өчпөй тургандыгында. Ошону менен бирге “Туулганына сүйүнбөй, турарына сүйүн”, “Баланы жашынан, аялды башынан” деп эл арасында айтылып жүргөн бул макалдардын мазмунунда жаткан ойлор да, өз заманынын тарбиялык усулдугунан кабар берип тургансыйт.

*Тарбия* ишинде кыйгап өтө албай турган дагы бир кашкайган чындык бар – ал ар бир адам баласынын жеке турмушундагы чөйрө таанууга,

билим алууга болгон умтулуусу. Окуусуз, билимсиз максатка жетүү мүмкүн эмес. Адам акылы, билими менен башка макулуктардан айырмаланып турарын даана баамдаган Жусуп Баласагын:

Билим – байлык түгөнбөс, акыл – улук,
Адамда ушул эки артыкчылык.

Өз замандаштарын, анын ичинде бүгүнкү бизди да, билим алууга үндөйт. Адамдын жыргал турмушу анын билимине тыгыз байланыштуу экенин жан какшап айтып жаткансыйт:

Окугандар – акылдуу улук болор,
Билимдүүгө – түгөнбөс бакыт конор.

Бул акыл-насааттарды кантип укпай коё аласыз? Жусуп бабабыз адамдын *эң башкы милдети* катарында *билим* алуусун алдыңкы орунга коюп, айрыкча жаштарды билим алууга үндөйт [3].

“Окуу – түндө алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң – маңдай жарык жаркырап.
Окуу, билим көп нерсеге жеткирет,
Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көрөт.
Сокур дешет билимсизди – жөн дебе,
Окуу гана жарык чачат дүйнөгө”, –

деп Жусуп Баласагын бабабыз азыркы жана келечектеги муундарга кайрылып, билимдин жарык шооласын чачууда.

*“Куттуу билим”* дастаны бүтүндөй дидактикалык маани-маңызга сугарылган чыгарма. Ошондой болсо да ыйман, этика, таалим-тарбия, акыл жана билим, тил менен кеп тууралуу айтылган акыл-насааттарын өзгөчө көңүл бөлүп көрсөтө кетели. Адамдар өз ара түрдүүчө “карым-катнаш, алака-мамиле түзүшөт, алар белгилүү шарттарга жараша оң да, терс да болушу мүмкүн. Жакшылык болбосо жамандыктын, чындык болбосо жалгандын, адилеттүүлүк болбосо кара өзгөйлүктүн баркын билүү кыйын. Жамандыктын болушу гана жакшылыкты көркүнө чыгарат”, – деп бабабыз айтып кеткен накыл сөздөрдө камтылган улуу ойлор, адамдардын жашоодогу бири-бири менен болгон алака-мамилеси да *тил* аркылуу экендигин далилдейт. Эл тилге байыртадан жогору баа берген, ошол себептүү эл арасында *“Өнөр алды – кызыл тил”*, *“Баш кесмек бар – тил кесмек жок”* деген сыяктуу макалдар жаралып келген. Адамды адам кылган тил касиетин байыркы бабалар баалап да, аздектеп да келишкен. Ошол тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны тууралуу баяндап жазган ойлорунда мындай деп баяндалат:

Илим менен билимге көпүрө – тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.
Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот, башын алат.
Тил арстан босогоңдо комдонгон,
Бошоп кетсе – өзүңдү да жеп койгон.
Сөздүн баарын кармап калуу эң кыйын,
Керектүүсүн эске тутуп, так урун.
Тирүү жанга эки нерсе бериптир,
Бири – тили, бири – дили ак көңүл [3; 59, 61, 118-бб.].

*“Сөздүн өз ордун таап айткыла, андай болбогон учурда ал сөзүңөр талаага кур жаңырык сымал”, “Дайыма сөздү ойлоп айтуу керек, Жакшы сөз сокур үчүн делет”,* – деген насаатына кантип каршы чыга алабыз? Андан ары бабабыз келечектеги урпактарына өзүнүн көөнөрбөс, түбөлүктүү акылын айтып, азыр да бизге туура багыт берүүдө:

Өмүр кыска – төрөлгөн соң, өлмөк бар,
Жакшы сөздөр – түбөлүктүү, өлбөйт ал.
Азаматты эки сапат багыттайт,
Чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт.
Адам өлсө – сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкында,
Түбөлүккө өлбөйм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишиңди улай бер [3; 60-б.]

*“Алдыны көрөр көз болот, алысты айтар сөз болот”*, – дегендей мындай алыска багытталган накыл сөздөр табылгыс кенч да. Мына ушундай *кереметтүү кенч дастанды* окуп жатып, анын негизин түзүп турган улуу мурастарды туюп-сезүү, күлүк ой менен жарышып кыялдануу, ой жүгүртүү, мен үчүн өзгөчө зор таасирин тийгизди. Улуу дастанда Жусуп Баласагын көңүл бурбаган жашоонун бир дагы суроосу калбагандай сезилет. Чыныгы *адам болуунун мыйзамынын* маң-маңызын калтырып кеткендей. Окумуштуу К. Артыкбаевдин дастанга карата

берген: *“Акылмандыктын, даанышмандыктын, акыл-эстүүлүктүн, демократтын, гумандуу багыттагы заң-закондордун поэтикалык энциклопедиясы”* [7, 55-б.], – деген ары акыйкат, ары таамай-таасын баасына кошулбай коюуга болбойт.

Жусуп бабабыздын *тарбия* ишиндеги эң чоң жемиши катары анын артына калтырып кеткен Акдилмиштей уулун айтсак болот. Ал ата мурасын таштабай кайрадан аны дагы жаңы, дагы зор бийиктикке көтөрүп чыкканына биз чыгарманын өзүнөн күбө болдук.

Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” дастанынын өзөгүн түзгөн төрт негиз:

1. *Адилет* – Күнтууду өкүм бийликти ак өтөөгө милдеттүү, ак жолду жаза баспас, адил, өкүмдар ысмы.
2. *Айтолду* – өкүмдарга ырыс, дөөлөт берээр башкы вазир.
3. *Акдилмиш* – ак караны айра билген, дили ак таза адам.
4. *Өткөрмүш* – байлыкка, мансапка кызыкпас, каниет ысмы.

*“Бул ысымдар адамдын асыл касиетин бөлөлөп, көрктөп, анын ой сезимин ойготуп, аны улам өрдөтүп, байытып, жаңы сапатты алдына тартуулаган эң таасирдүү куралыбыз – бул өз эне тилибиз”* [3, 11-б.], – деп залкар жазуучубуз Т. Сыдыкбеков айткандай, өзүбүздүн тилибиз менен сыймыктанып, аны өркүндөтүп-өстүрүп, туу туталы.

“Караңгыга жарык чачкан сөз касиети,
Чөлдөгүнүн суусунун кандырган да сөз кубаты,
Өлгөндү тирилткен да сөз таасири, сөз күчү”, –

деп улуу бабабыз айткандай, кыргыз элибиздин улуулугу да, күчү да, ушундай керемет сөз касиетинде экендигин кантип тана алабыз.

Жусуп Баласагындын бизге, келечек урпактарына белек катары тартуулап кеткен сөз касиетинин улуу күчүн, кубатын көкөлөтүп барктайлы. Ошентип, улуу ойчул-даанышман, таасын тарбиячы Жусуп Баласагын тууралуу пикирибизди жыйынтыктап, ойчулдун акыл тегеретип, кыял чабыттаткан орошон ойлорунун чордону *адам жашоосу* менен *адам түзүлүшүнүн* биримдиги аркылуу пешенеге жазган жашоонун маңызын туюндурууга умтулгандыгын белгилейбиз. Залкар чыгармасы менен Жусуп Баласагындын ысмы карт тарыхтын барагына өчпөс болуп жазылып калды. Ойчул өзү нускалуу айткан жан – дүйнө, акыл-эстин түбөлүктүү табияты, шык – жөндөм, талант – эмгектен ширелип жаралган тарыхый дөөлөткө айланган чыгармасы менен түшүндүрүлөт.

Демек, улуу чыгарма да, аны жараткан улуу ойчул да түбөлүктүү. Жусуп Баласагындын урпактарга арнаган улуу эмгеги унутулгус тарыхый, руханий дөөлөт экендиги шексиз. Анын ойлору бүгүнкү катаал мезгил койгон көйгөйлүү маселелер менен үндөш. Адамдын пейли, ыйманы, жарык дүйнөдөгү жашоосу жөнүндөгү мазмундуу сөздөр менен сугарылган маңыздуу ойлору азыркы биз тарбиялап жаткан жаштар үчүн да, кийинки урпактар үчүн да улуу сабак. Мына ушундай улуу сабактардан билим-тарбия алып жаткан биздин жаш муундардын келечектери кең болушун каалап, кыргыз элинин улуу инсаны, академик атабыз Түгөлбай Сыдыкбековдун сөзү менен аяктоону туура таптым.

*“Карынын сөзүн капка сал”, – деген ошо баба сөзүн урматтап, мындан он кылым мурдакы жандуу кеп-сөзүбүздү, ошол замандагы мүнөздү айкын-ачык элестете бергидей баалуу дүнүйө, улуу мурасыбыз “Куттуу билим” аркылуу акын бабабыз Жусуп Баласагын менен маектеше берели”!*

***Адабияттар***


1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы”. Бишкек шаары, 2021-жылдын 29-январы.
2. *Козубаев Ө.* “Кут билим” категориялогиясы / Ө. Козубаев. Бишкек, 2007.
3. *Козубеков Т.* “Куттуу билим” / Т. Козубеков. М., 1993.
4. *Нарынбаев А.* Жусуп Баласагын Чыгыштын чыгаан ойчулу / А. Нарынбаев. Бишкек, 2002.
5. *Шериев Ж.* Байыркы адабият тарыхы. Бишкек; Ош, 2000.
6. *Таластан Т.* Жусуп Баласагын “Бейне сүртүмдөрү”. Бишкек, 2003.
7. *Артыкбаев К.* Жусуп Баласагын тууралуу баян / К. Артыкбаев. Бишкек, 2004.